Борбордук Азия Университетинин мыкты бүтүрүүчүсү Фарьял Найабтын сүйлөгөн сөзу

Борбордук Азия Университетинин (БАУ) Канцлери - Улуу даражалуу ханзаада Рахим Ага Хан!
БАУнун Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы - Доктор Шамш Кассим-Лакха!
Кыргыз Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын ардактуу меймандары!

Камкорчулар Кеңешинин урматтуу мүчөлөрү!
БАУнун ректору - Профессор Кристофер Герри!
БАУнун Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы - Доктор Максим Хомяков!
Окутуучулар, кызматкерлер, мамлекеттик структуралардын өкүлдөрү!
Ага Хан Өнүктүрүү Уюмунун мүчөлөрү!
Кымбаттуу үй-бүлөлөр, достор жана мени менен бирге окугандар – 2025-жылдын бүтүрүүчүлөрү!
Хелло, Салам, Здравствуйте!

Менин атым Фарьял Наяб, мен үчүн Борбордук Азия Университетинин 2025-жылдагы мыкты бүтүрүүчүсү катары сиздердин алдыңыздарда туруу мага зор сыймык жана терең ыраазычылык билдирем! Биз бүгүн бул жерде тек гана академиялык ийгиликтерди майрамдоо үчүн чогулбастан, ошондой эле сөз менен айтуу кандай кыйын болсо да, баарыбыздын ар бир бирибизди өзгөрткөн сапарга алкыш айтуу үчүн турабыз.

11 жыл, 2 ай жана 20 күнгө мен киндик каным тамган үйүмдү таштап, Пакистандын Курага, Читралдагы Ага Хан орто билим берген жогорку мектебинде билим алууга аттангам. Ал кезде 19 жашта элем. Мен жөн гана бир тууган үй-бүлөмдөн эмес, өзүмө көндүм болгон жерден кетип жана коопсуз жайдын босогосунан аттап чыгып кеткен жаш кыз элем. Ошондо чоочулап корккон элем. Дүйнө мага туңгуюктай сезилген. Бирок мени коштоп жүргөн кыялдарым бар эле, алар менин жолум канчалык кыйын болсо да алдыга сүрөдү.

Ошондон бери мен бир орундан башка бир орунга жер которуп, мурдагыдан да мыкты болууга умтулуп ар дайым мүмкүнчүлүктөрдү издөө менен жүрүп олтурдум. Мен туулуп өскөн үйүмдү таштап, ушунча жылдар бою акырындык менен жаңы жерлерди издеп жашадым. Кайрадан өзүмдүн тамырымды сезе турган жерди издеп... Мен ага таандык болгонумду сезе турган жерди издеп… Мына бүгүн чын дилден чыккан ыраазычылык жана зор сыймыктануу менен баарына айткым келет – мен ошол үйүмдү таптым. Мен ал үйдү башка өлкөдө, ар кыл маданият менен тилдерди алып жүргөн адамдардын арасынан таптым. Мен ал үйдү Памир тоолору менен курчалган ушул кереметтүү кампустан таптым. Жана да бул үйдү мен ар качан өзүмдүн жүрөгүмдө сактап жүрөм.

Биздин ар бирибиз бул жерге өз тарых-таржымалы менен келишти. Кимдир-бирөө кампуска жөө келди. Кимдир бирөө айылын таштап келди, кимдир-бирөө шаарынан

чыгып келди, ал эми кимдир-бирөө чек арадан өтүп келди. Биз баарыбыз аркабызда бир нерселерди калтырып келдик, бирок биз үмүттөрүбүздү, чечкиндүүлүгүбүздү жана өсүп-өнүгүүгө карай даярдыгыбызды ала келдик.

Биздин сапар дайыма эле оңой боло койгон жок. Биз университеттеги билим алуубузду ааламды каптаган пандемиянын мезгилинде экрандардын астында окуп баштадык. Биздин алгачкы аудиторияларыбыз болуп Teams (Тимс) программасынын шилтемелери, ал эми группалаштарыбыз болуп кичинекей терезечелердеги болор-болбос көрүнгөн кымындай жүздөрүбүз болду. Окутуучулар бизди туруктуу эмес бирде тез, бирде жай Wi-Fi (вай-фай) жана 4G (Төрт Жи) интернет аркылуу окутуп, ал эми биз болсо микрофондорду өчүрүп коюп угуп олтурдук. Бирок кыйынчылыктар муну менен бүтүп калган жок. Кийинки жылдары биз Moodle (Мудл) платформасындагы түнкү саат 23:59га чейинки акыркы мөөнөттөр-дедлайндар менен күрөшүп, тапшырмалар жана жыйынтыктоочу отчёттор менен алышкан күндөр болду. Булар менен катар өзүбүзгө өзүбүз шек-күмөн санаган түндөр өттү.

Бирок биз ошол дедлайндар менен шек-күмөндөрдүн ортосунда кандайдыр бир чынында эле биз эмнелерге жөндөмдүү экенибизди ача алдык. Ошондой эле биз өз жашообуздун эң сонун көз ирмемдерин баштан кечирдик. Биз ширчай ичип кечелерде каткырып күлдүк, алоолонто жагылган оттун боюнда бийледик, студенттик клубдарды жетектедик, Бириккен Улуттар Уюмунун модели боюнча дебаттарга катыштык, маданий ар түрдүүлүктүн жумалыктарын майрамдадык, экспедициялар менен барып тоолордон тоолорду аштык – сөздүн түз дагы, кыйыр дагы маанисинде. Биз булардын баарысын биргелешип ишке ашырдык!

Бул жылдарда биз бири-бирибизди колдодук, кубанычтарга ортоктош болдук жана ыйлаган кездерде бирге ыйладык. Биз курстар менен аудиторияларды гана тең бөлүшпөстөн — биз кайраттуулукту, креативдүүлүктү жана «баардыгын туура жасоо» деген басымдарды да бөлүшүп жаттык. Отчёттор менен рефлексиялардын ортосунда биз бир үй-бүлөдөй болуп калдык. Биз бири-бирибизге түн жарымында редактор, жан күйөрман жана эң ынак достордон болдук. Биз бири-бирибизге үй болуп бердик!

Баарыбыз чогуу онлайн-окууларды окуп, тесттерди тапшырып, тапшырмаларды жазып, экзамендерден өтүп жана финалдык долбоорлорду жыйынтыктадык — Хорог менен Нарындын кыш мезгилин айтпаган күндө да!

Анан ушул сапардын кайсы бир жерлеринде — биз өзгөрдүк! Ушул жылдарда биз бири-бирибизде кандай адаттан тышкаркы өзгөрүш-кубулуштар болуп жатканына көз салдык. Мен досторумдун илимий макалаларды жарыялаганын, эл аралык конференцияларда чыгып сүйлөгөндөрүн, гранттар менен сыйлыктарды алышканын, кышкы жана мектептерге катышканын, тажрыйба алмашууларга баргандарын, Бириккен Улуттар Уюму, Дүйнөлүк банк сыяктуу дүйнөлүк алдыңкы институттардан стажировкалардан өткөндөрүн көрүп жаттым. Мына бүгүн эми окууну аяктап жатып, арабыздан кээ бирөөлөр

Европанын, Түндүк Американын жана Азиянын мыкты жогорку окуу жайларында магистратурадан окуш үчүн чакырууларды алышты; кимдир-бирөөлөр мыкты стипендияларга ээ болушту, кимдир-бирөөлөр чоң-чоң уюмдардан иш орундарын табышты, ал эми кимдир-бирөөлөр өз коомчулуктарына жаңы билимдер жана миссиянын жаңы демине бөлөнгөн сезимдер менен кайтканы жатышат.

Өзүм жөнүндө айта турган болсом: мен окуумду магистратурада өнүктүрүү программасы боюнча Канададагы Йорк Университетинде билим алуу менен улантам. Бул тандоо каякта окуш керек дегенге эле такалбайт, бул тандоо кандай жол менен кете турганымды аныктайт, анткени бул жолду тандоого Борбордук Азия Университетинде пайда болгон маселелер мага түрткү берди жана да өзгөчө биздин коомчулук сыяктуу өнүктүрүү тармагында иштөөгө болгон таасир өбөлгө болду.

Ооба, биз төрт башка багыттагы адистиктер боюнча окудук, бирок биздин жалпы жеңиш – бул ийгиликтерде эле эмес, маанилүүлүктө турат. Биздин ар бирибиз өзүн алып жүрө турган, кызмат кыла турган жана салым кошо турган жөндөмдөргө ээ болдук. Бул жылдар бизди жөн гана келечекке даярдаган жок, бул жылдар бизди келечек үчүн калыптандырды.

Бирок булардын эч бири – эскерүүлөр да, мезгил барактары да, өзгөрүүлөр да эгерде силер бизге ишенбесеңер жүзөгө ашмак эмес, керек болсо биз өзүбүзгө кээде ишене албай турганда да, силер бизге ишенип турдуңар.

Баарыдан мурда урмат-сыйдын акысы катары Борбордук Азия Университетинин Негиздөөчүсү жана Канцлери – Улуу даражалуу Ханзаада Карим Ага Хан IV гө ыраазычылык айткым келет. Анын алысты көрө билген көсөмдүгү бул университетке жашоо тартуулады — окуу жайдын орду катары гана эмес биздин тоолордун жүрөгүндөгү үмүттүн маягы болуп берди. Анын билим берүүнүн өзгөртүүчү күчкө ээ экендигине болгон ишеними бизди бүтүндөй билим саякатында тынымсыз коштоп жүрүп олтурду. Ал биздин арабызда жок болсо да, анын келечек мүдөөлөрү ушул кампустарда, аудиторияларда жана ар бирибизде жашайт.

Биз ошондой эле өз жетекчилиги менен бул кыялдын ишке ашышын турмушка ашырып жаткан жаңы Канцлерибиз Улуу даражалуу Ханзаада Рахим Ага Ханга да ыраазыбыз. Биз келечекке ишенимдүү карай алабыз, себеби анын жетекчилиги астында өткөндөгү мезгилдин мыкты жактарын сактай алат жана Борбордук Азия Университетинин эртеңки күндүн чакырыктарына жооп берүүсүнө жардам бере алат деп ишенебиз.

Камкорчулар кеңешинин урматтуу мүчөлөрүнө университетке жан дилинен берилгендиктери үчүн ыраазычылык билдиребиз. Сиздердин колдооңуздар жана жетекчилигиңер Борбордук Азия Университетин жаштар эч тайманбастан кыялдана ала турган, сынчыл ой жүгүртө ала турган жана орчундуу салым кошо ала турган мейкиндикке айлантты.

Биз Кыргызстан менен Тажикстандын өкмөттөрүнө жана элдерине туруктуу колдоолору үчүн, өзгөчө чет элдик студенттерге болгон жылуу мамилелери үчүн чын жүрөктөн ыраазычылык билдиребиз.  Сиздердин меймандостук жана мээримдүү мамилеңер бизди өзүбүздү коопсуз сезүүгө, сыйга татыган мейман катары өз үйүбүздө жүргөндөй сезүүгө себепкер болду. Бул өлкөлөр окуй турган орун-жайлар гана болуу менен чектелген жок. Бул өлкөлөр биздин тарыхтын бир бөлүгү болуп калды жана биз кайда гана барбайлы силердин жасаган жакшылыктарыңарды дайыма алып жүрөбүз.

Биздин окутуучуларга рахмат айткыбыз келет, эмне үчүн дегенде алар бизге чакырык таштašты, багыт беришти, колдоо көрсөтүштү жана бизге жооп берүүдөн да мааниси кем эмес суроолорду бергенди үйрөтүштү.

Студенттик жашоо бөлүмүнүн сүйүктүү командасына, БАУнун администрациясына жана кызматкерлерине да рахмат айтабыз, алар БАУну биз окуй турган эле жайга айлантпастан, биз жашай турган, өсө турган, өзүбүздүн ким экенибизди сезе турган билим уясына айландырышты. Иш-чараларды уюштургандан тартып күндөлүк турмуштагы колдооңорго чейин университетти биздин үйгө айлануусунда катарыбызда турганыңыздар үчүн рахмат айтабыз.

Акырында айта турган ыраазычылык биздин үй-бүлөлөргө арналат, ар бир жан дили менен жасаган мээнет-мээримдери, ар бир жылуу сөзү жана ичинен купуя тилеген тилектери үчүн!

Өзгөчө ыраазычылыгымды өз ата-энеме - Гул Наябу Хан жана Зайбун Нисеге айткым келет. Алардын сапаттуу билимдин күчүнө болгон ишенимдери үчүн гана эмес, менин 5 сиңдиме да билим алууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп бергендери үчүн. Мына ушундай ата-энелер бар үчүн, мен сыяктуу алардын кыздары бийик-бийик кыялдарды кыялдана алышат. Ошондой эле менин сапарымдын башында мени колдошкон жана менин окууга болгон төлөмдөрүмдү берешендик менен каржылап беришкен адамдарым Назмин Алани жана Арзина Аланиге да ыраазычылыгымды айткым келет.  Мен үчүн алардын үй-бүлөнүн бир мүчөсүндөй болуп калганым менин болуп көрбөгөндөй жолдуу болгонум деп эсептейм.  Анан албетте менин чоң таянычтарым болгон досторума, биз менен бирге окуусун бүтүп жаткан менин мыкты курбу кызыма да рахмат айткым келет.  Сенин бар болгонуңа жана ак дилден чыккан жакшылыктарың үчүн рахмат!

Бул диплом, бүгүнкү күн — бизге да, силерге да таандык!

Кымбаттуу 2025-жылдын бүтүрүүчүлөрү! Жаңы жашоонун босогосунда туруп силерге ачык айткым келет: бизде бардыгы эле ар дайым ойдогудай болгон жок. Биз өзүбүздү ийгиликсиз сезген учурлар да болду. Жолубуз болбой калган күндөр да болду. Өз ишибизге, өз милдетибизге, өз ордубузга көп ишене албай турган ыргылжың кездер да болду.

Бирок биз талыкпай алдыга кете бердик. Биз илгери жылып жолду арбытып ушул күнгө жетип келдик. Биз өсүш деген көбүнчө ийгиликсиздиктин артына жашынып ала турганын түшүндүк, ал эми бекемдик качан сени эч ким карабай турган жымжырт көз ирмемдерде калыптана турганын да баамдадык.

Биз өзүбүздү таба албай жүргөн же колубуздан келбей жүргөн көз ирмемдерге карабастан менин досторум, билип койгула, бүгүнкү күн — биздин жеңиш күнүбүз. Биз алган бааларга же сыйлыктарга эле жараша эмес, биздин ким болгондугубуздун шарапатынан улам. Биз диплом алып эле кетип бара жаткан жокпуз, биз тарых-таржымалдар менен жана ар дайым биз менен бирге кала турган билим сыяктуу зор күч менен узап баратабыз.

Биз тоолуу аймактарды мекендеген адамдарбыз жана бизге бийик ашуулар жакшы тааныш. Бирок биз ошондой эле тар жол, тайгак кечүүлөрдөн турган кыйын-кыйын ашуулардан кийин көздүн жоосун алган ажайып көрүнүштөр көз алдыбызга тартыла турганын да жакшы билебиз. Биз жаңы бийиктиктерди багындырууга даярбыз – жападан жалгыз эмес, курсташтар катары, достор катары, бир муун катары, тынчтыктан баш тартпай турган адамдар катары баарыбыз чогуу биргелешип.

Борбордук Азия Университети, сага рахмат, сен бизге билим гана эмес, үй дагы, максат дагы болуп бердиң жана баарыбызды бири-бирибизди тартууладың.

2025-жылдын бүтүрүүчүлөрүн куттуктайм. Биз муну жасадык жана бул башталышы гана!